«БЕКИТЕМИН»

Ош мамлекеттик университетинин ректору, профессор Кожобеков К. Г.

_______________________________

«___» ________________ 2024-ж.

Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кырыз улуттук университетине караштуу философия илимдеринин доктору (кандидаты), маданият таануу жана искусство таануунун кандидаты окумуштуулук даражаларын изиденүүгө диссертацияларды коргоо үчүн түзүлгөн Д 09.22.657 диссертациялык кеңешине философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын көрсөтүлгөн Акматова Гульнара Эргешовнанын 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча жазылган **“Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселелери”** аттуу кандидаттык диссертациясына жетектөөчү мекеме Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасынын берген

## П И К И Р И

**Кафедранын отурумуна катышкандар**:

1. К.А. Исаков – философия илимдеринин доктору (09.00.03-философиянын тарыхы) профессор, кафедра башчысы (төрага);
2. К.А. Курбанбаев – философия илимдеринин доктору (09.00.11-социалдык философия) профессор;
3. Ж.К. Итигулова - философия илимдеринин кандидаты, (09.00.03-философиянын тарыхы) доцент;
4. Ө.С. Акматов - философия илимдеринин кандидаты, (09.00.03-философиянын тарыхы) доцент;

Диссертациялык Кеңеш Д 09.22.657

Кирүү 04-8/104

Чыгуу ____________

ОК колу ____________

«10» 05 2024 ж.

5. А.К. Мурзакматов - философия илимдеринин кандидаты (09.00.11-социалдык философия) доцент;

6. А.Ж. Боронбаев - философия илимдеринин кандидаты (09.00.11-социалдык философия) доцент;

7. Н.К. Карашева - философия илимдеринин доктору (09.00.01-онтология жана тааным теориясы) доценттин м.а.;

8. Д.Ш. Азизова - философия илимдеринин кандидаты, (09.00.03-философиянын тарыхы) доценттин м.а.;

9. А.А. Акаев – саясий илимдеринин кандидаты (23.00.02 – саясий институттар, жараяндар жана технологиялар) доценттин м.а.;

10. М. Манашев - философия илимдеринин кандидаты (09.00.11-социалдык философия) доцент;

11. Д.Акматова - философия илимдеринин кандидаты (09.00.11-социалдык философия) доцент;

12. В.А. Турдуев - окутуучу;

13. С.С. Бойтоева - окутуучу;

14. М. Аматова - катчы.

I. **Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Акматова Гульнара Эргешовнанын 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча жазылган “Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселелери” аттуу темадагы диссертациялык иши актуалдуу маселеге арналган.

Ааламдашуу шартында болуп жаткан өзгөрүүлөр жаш муундардын эстетикалык калыптануусуна өз таасирин тийгизбей койбойт. Коомдун өнүгүүсүнүн заманбап этабында руханий жактан өнүккөн инсан маселеси курч бойдон калууда. Акылдуу, руханий жактан өнүккөн адам жаратылыштагы, искусстводогу жана күнүмдүк жашоодогу сулуулукту байкай билип, айланадагы чындыкты өзүнө сиңирүүгө умтулат. Жаш муундардын эстетикалык билимин калыптандыруу, аларды мурунку маданият менен

тааныштыр салттуу сулуулук, көркөмдүүлүк менен заманбап технологиянын негизинде жетишилген көркөмдүк менен суулуктуу айкалыштырып эстетикалык табитти улуттук, элдик көрөнгүдөн тааныштыруу аркылуу калыптандыруу актуалдуу маселе.

**II. Илимий жоболордун, корутундулардын жана сунуштардын негизделүү даражасы**

Ааламдашуу шартындагы жаш муундарга тарбия баруу менен эстетикалык табитин калыптандыруу багытындагы бир катар социалдык-философиялык проблемаларды өнүктүрүүгө белгилүү салым кошкон, толугу менен бүткөн илимий изилдөө болуп саналат. Изилдөө иштин структурасы кандидаттык диссертацияларга коюулган тапака жооп берет. Кандидаттык диссертациядагы илимий жоболор, корутундулар, сунуштар изденүүчү тарабынан терең изилденген. Автор кандидаттык диссертациялык ишинин жыйынтыгы боюнча ааламдашунун шартында эстетикалык тарбия берүүнү татаал жана көп кырдуу көрүнүш катары баалоо менен, эстетикалык тарбия берүүдөгү инсандын кийимге, модого болгон табитин калыптандыруу, кабыл алуусу ачып берген.

*1 – корутунду.* Корутунду негиздүү. Эстетикалык тарбиялоо инсандын руханий маданиятын калыптандыруунун негизи катары тажрыйбада татаал жана көп кырдуу көрүнүш болуп саналат. Анын төмөнкүдөй бир катар мүнөздүү белгилери бар: ал ишмердүү, адамдын жашоо турмушунун бардык чөйрөлөрүн камтып турган; адамдын мүнөзүн аныктап, андагы сезимдик жана интеллектуалдык башталыштардын өнүгүүсүн, өзгөчө анын жашоосунун баштапкы этабындагы искусство, табият, адамзаттын мамилелери менен бирге жашоосун курчап турган чөйрөсү. Эстетикалык тарбиялоо ишмердүүлүктүн бардык түрлөрүндө, анын эмоциясына дайыма таянуу менен жүзөгө ашырылат. Ошону менен бирге тарбиянын бардык тарабына эстетикалык аспект берилилет.

*2 – корутунду.* Корутунду ынанымдуу. Ар бир маданий-тарыхый доор эстетикалык табитти жана эстетикалык аң-сезимдин структурасындагы

эстетикалык жөндөмдүүлүктөрдү өз алдынча чечмелеп, түшүндүрөт. Ар бир маданий мезгилде эстетикалуулуктун ар кыл модификацияларына болгон ыкмалар, баа берүүлөр берилгендигине карабастан адамда эстетикалык тандоо жана эстетикалык тандоолорду билдирүү сыяктуу эстетикалык табиттин калыптануу маселелеринин актуалдашуу деңгээли берилген. Бир дагы маданий-тарыхый доор, азыркы мезгилди алганда да кандайдыр-бир маданий баалуулук катары жеке бир, көз карандысыз көз караш, эстетикалык же көркөм табит, талант, жашоо-турмуштун стили же белгилүү бир образ болуп калуусу үчүн өбөлгөлөрдү түзгөн жок.

*3 – корутунду.* Корутунду негиздүү. Эстетикалык тарбияга, табитти тарбиялоого дагы тийешелүүлүгү бар кийимдин эстетикалык өзгөчөлүгү моданын татаал жана көп кырдуу механизми аркылуу жүзөгө ашырылып, көптөгөн дисциплиналардын, анын ичинде философиянын, маданият таануунун, психологиянын, искусство таануунун, семиотиканын, экономиканын жана социологиянын изилдөөлөрүнүн предмети болуп саналат. Социологдор үчүн мода жаңы социомаданий формаларды киргизүүнүн каражаты болуп эсептелет. Семиотиктер үчүн ал бирден-бир маанини билдирген белгилик система. Маданият таануучулар мода деп маданияттын үлгүлөрүнүн мезгилдик алмашуусун түшүнүшөт. Искусство таануучулар моданы эстетикалык идеал катары карашат. Экономистердин пикиринде – бул белгилүү бир продуктуну өндүрүү жана жүзөгө ашыруу менен байланышкан жаңылануга болгон умтулуу. Психологдордун көз карашында мода – бул имитация (тууроо) менен таасир берүү. Модага болгон жогорудагы көз караштар кандайдыр-бир деңгээлде, түзбү же кыйыр түрүндөбү өсүп келе жаткан муундардын тарбиясына, анын ичинде эстетикалык тарбиясына тийешеси бар.

*4 – корутунду.* Корутунду негиздүү. Азыркы кийимдин, костюмдун эстетикасы глобалдык масштабда олуттуу бир деңгээлде өзүнүн келип чыгуусу жана стили боюнча европалык болуп саналат. Демек, кийимдин адамдардын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна болгон таасири менен

байланышкан эстетикалык тарбия олуттуу бир ченемде батыштын эстетикалык табитинин, стилинин жана маданиятынын алкагында болот. Ошондуктан биздин изилдөөбүз үчүн башка элдердин, анын ичинде бир эле азиялык цивилизацияга кирбеген, өзүнүн тарыхынын басымдуу бөлүгүн отурукташкан цивилизациянын жашоо образынан көп жагынан айырмаланган көчмөн цивилизациянын жашоо шартында өткөргөн кыргыздардын маданий өзөгүндө европалык кийим кантип жана кандайча орноп калгандыгын тактоо абдан чоң мааниге ээ.

*5 – корутунду.* Корутунду ынанымдуу. Заманбап кыргыз моделдери кийимдин дизайнында салттуу материалдарды жана тигүү ыкмаларын, салттуу түстүк гамманы ж.б. активдүү колдонушуп, салттуу ыкмаларды азыркы тигүү технологиялары менен активдүү айкалыштырышууда. Азыркы улуттук кыргыз кийими эклектикалуу же башкача айтканда, анда салттуу кийимдин элементтери башка маданияттын стилдик белгилери менен айкалышып турушат. Ушуга байланыштуу белгилей кетүүчү нерсе, өсүп келе жаткан муундарды заманбап эстетикалык тарбиялоо дагы эклектикалык мүнөзгө ээ башкача айтканда, анда башка маданияттардын элементтери басымдуулук кылып, жалпы дүйнөлүк тенденцияларды чагылдырып турат.

*6 – корутунду.* Корутунду негиздүү. Советтик мезгилде Кыргызстанда урбанизация процесси башталган. Шаар менен бирге мурун кыргыздарга таандык болбогон шаар маданияты пайда болгон. Кыргыздар өзүнүн көчмөнчүлүк мезгилинде шаардан, демек, шаар маданиятынан жана жашоо образынан оолакташкан. Массалык түрдө отурукташкан жашоо образына өтүү менен кыргыздар өзүлөрү үчүн ишмердүүлүктүн жаңы түрүн өздөштүрүшө башташкан. Калктын белгилүү бир бөлүгү шаарларга жер которушуп, натыйжада шаардын жашоо үлгүсүнө, ыкташкан, ал эми шаада европа стандартындагы, стилиндеги жана тигүүсүндөгү кийимдер үстөмдүк кылган. Салыштырмалуу өнүккөн инфраструктура, анын ичинде маалыматтык шарттарында, түпкү калктын калың катмары мурун кыргыз реалдуулугу менен дал келишпеген башка маданияттардын элементтерин кабыл ала башташкан.

Шаар салттуу коомду, аны менен бирге салттуу тарбияны, эстетиканы жана кийимди кошо ыраттуу түрдө кыйрата баштаган каражат болгон.

Изилдөөнүн жыйынтыгын жана натыйжаларын ааламдашуу шартында өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, мода, кийим сыяктуу социалдык-философиялык жана маданий феномендер менен байланышкан маселелер туурасындагы социалдык-философиялык билимдерди кеңейтүүдө жана тереңдетүүдө жардам берет. Изилдөөнүн натыйжасында алынган социалдык-философиялык концепциялар ааламдашуу шартындагы эстетикалык тарбия берүүдө улуттук кийимдердин, моданын Кыргызстан ж.б. чет өлкөлөрдө трансформацияланышына анализ берүүдө колдонууга болот. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгарылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген.

**III. Кандидаттык диссертациянын жаңылыгы жана ынанымдуулугу**

Иштин жаңылыгы азыркы мезгилге чейин Кыргызстанда өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоо, ага мода менен кийимдин тийгизген таасири менен байланышкан маселелерге арналган комплекстүү философиялык изилдөөлөр аз. Диссертанттын бул боштукту толтурууга багытталган аракетин белгилүү деңгээлде аталган боштукту толуктамакчы. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы катары төмөкүлөр эсептелет:

– изилдөө ишинде эстетикалык тарбиянын маңызы ачылып, анын негизги категориялары аныкталган;

– эстетикалык тарбиянын негизги категориясы болуп саналган «эстетикалык табит» түшүнүгүнө илимий анализ кылындыгы;

– өсүп келе жаткан муундарды эстетикалык тарбиялоонун фактору болуп саналган кийим-кечек талдоого алынган;

– заманбап ааламдашуу процессинин шарттарындагы эстетикалык маданияттын калыптануусунун өзгөчөлүктөрү изилденген;

– эстетикалык тарбиялоодогу кыргыз салттуу кийиминин ролу аныкталган;

– доорлордогу массалык маданияттын табити менен эстетикалык кабылдоосуунун алкагындагы кыргыз улуттук кийиминин эволюциялык өзгөчөлүктөрү иликтенген.

**IV. Диссертациянын илимий иштерге коюулган талаптарга жооп бериши.**

Диссертациядагы илимий натыйжалар иштин максаты менен милдеттерине толук жооп берет:

– эстетикалык тарбиянын маңызын ачып берүү менен бирге анын негизги категорияларын аныктоо (1 бап. 1.1.);

– эстетикалык тарбиянын негизги категориясы болуп саналган «эстетикалык табит» түшүнүгүнө илимий талдоо жүргүзүү (1 бап. 1.2.);

– өсүп келе жаткан муунду эстетикалык тарбиялоонун башкы факторунун бири болгон кийим-кечектерди анализге алуу (2 бап. 2.1.);

– заманбап ааламдашуу процессинин шартындагы мода индустриясынын эстетикалык маданияттын калыптануусундагы өзгөчөлүктөрүн аныктоо (2 бап. 2.2.);

– эстетикалык тарбиялоодогу кыргыз салттуу кийиминин ордуна жана салымына баа берүү (3 бап. 3.1.);

– ааламдашуу жана массалык маданият доорундагы кыргыз улуттук кийиминин эволюциясын, эстетикалык түшүнүктөрүнүн жана табитинин өзгөчөлүктөрүнө анализ жүргүзүү (3 бап. 3.2.).

Диссертация өз алдынча аткарылган эмгек болуп эсептелет.

**V. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жана корутундуларынын жарыяланышынын тастыкталышы.**

Изилдөө ишинин негизиндеги диссертациянын илимий жаңылыктары, жоболору, мазмуну, тыянактары республикалы, эл аралык илимий, илимий-практикалык конференцияларда апробацияланып, изденүүчү тарабынан жарык көргөн 27 илимий макалада берилген.

**VI. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна ылайык келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максатына жана милдеттерине толугу менен туура келет. Авторефератта дал келген кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелер бар.

**VII.** Диссертациянын мазмуну жана жазылышы боюнча кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.

Диссертацияда баалуу илимий жоболор менен катар айрым мүчүлүштүктөр орун алган:

1. Диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин кененирээк ачып көрсөтүү зарыл.
2. Илимий иштин биринчи главасында изилдөөгө байланыштуу илимий адабияттарга анчейин көңүл бурулган эмес.
3. Адаттагыдай эле диссертациялык иштерде кездешүүчү айрым техникалык мүчүлүштүктөр байкалат.

Албетте, айтылган бул сын-пикирлер диссертациялык иштин жалпы теориялык-методологиялык деңгээлин жана илимий-практикалык маанисин төмөндөтпөйт. Ааламдашуу шартындагы жаш муундарга тарбия баруу менен эстетикалык табитин калыптандыруу багытындагы бир катар социалдык-философиялык проблемаларды өнүктүрүүгө белгилүү салым кошкон, толугу менен бүткөн илимий изилдөө болуп саналат.

**VIII. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү жобонун» тадаптарына туура келиши**

Г. Э. Акматованын “Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселелери” аттуу 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан бектилген «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү жобонун» талаптарына толук жооп берет деп эсептейбиз. Ал эми, диссертациянын автору Акматова Гульнара Эргешовнанын 09.00.11-

социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

## КОРУТУНДУ

**Г. Э. Акматованын** "Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетикалык табитин калыптандыруу маселелери" аттуу 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан бектилген «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндөгү жобонун» талаптарына толук жооп берет деп эсептейбиз.

**Акматова Гульнара Эргешовна** 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча философия илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Акматова Гульнара Эргешовнанын 09.00.11-социалдык философия адистиги боюнча жазылган "Ааламдашуу шартында жаш муундардын эстетиткалык табитин калыптандыруу маселелери" аттуу кандидаттык диссертациясы Ош мамлекеттик университетинин философия жана политология кафедрасынын 2024-жылдын 7-майында (№ 9 Протоколу) болуп өткөн кеңейтилген жыйынында талкууланды.

**Жыйындын төрагасы, ОшМУнун**
**философия жана политология**
**кафедрасынын башчысы, ф.и.д., профессор** **А.К. Исаков**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

**Катчы** **М. Аматова**

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. «06» 06
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.